**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин I-чакырылышынын**
**VIII-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №11/2**

2024-жылдын 12-июну — Жаңы-Арык айылы

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн алдындагы "Сөң-Көл" муниципалдык ишканасынын жетекчисинин кайрылуусун карап, депутаттардын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кенеши, **токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн алдындагы "Сөң-Көл" муниципалдык ишканасынын карамагындагы жүк жүктөөчү атайын техникасынын (погрузчик), экскаватордун жана жүк тартуучу автоунаалардын (мини-ХоВо, Шакман) калкка көрсөтүүдөгү кызмат акылары төмөндөгүдөй өлчөмдө бекитилсин:

1) **жүк жүктөөчү атайын техникасы (погрузчик) үчүн:**

- жер түздөө, короо-жай жана турак үйлөрдүн ордун тазалап берүү үчүн 1 саатка 5000 сом, майы ичинде;
- Кум-шагыл, таштандыларды жана малдын кыгын менчик Камаз автоунаасына жүктөп берүү 1000 сом, ЗИЛ автоунаасына жүктөп берүү 700 сом, ГАЗ-53 автоунаасына жүктөп берүү 500 сом, майы ичинде

2) **эскаватор үчүн:**

1) Таза суунун жана кир суу агып кетүүчү траншеяларды казуу – 1 метр узундуктагы жер үчүн 250 сом, майы ичинде;
2) Септиктин аңын казуу үчүн –2000 сом, майы ичинде;

3) **мини-ХоВо автоунаасы үчүн:**

1) Кум-шагыл, малдын кыгын жана таштанды ташып берүү – 1 рейс үчүн 1500 сом, майы ичинде;

Эскертүү: жүктөлгөн жүктү ташып жеткирип берүүдө аралыктын алыс жакындыгына жараша баасы өзгөрүшү мүмкүн.

4) **Шакман автоунаасы үчүн:**

1) Кум-шагыл, малдын кыгын жана таштанды ташып берүү – 1 рейс үчүн 3000 сом, майы ичинде;

Эскертүү: жүктөлгөн жүктү ташып жеткирип берүүдө аралыктын алыс жакындыгына жараша баасы өзгөрүшү мүмкүн.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн алдындагы "Сөң-Көл" муниципалдык ишканасынын жетекчиси М.Мамбетжановго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**